КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
**Жалал-Абад мамлекеттик университети**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**

**Жалал-Абадский государственный университет**

---

# БУЙРУК №155

Жалал-Абад шаары 2019-жылдын 28-майы

2019-2020-жаңы окуу жылына карата даярдык көрүү үчүн окуу процессин уюштуруу боюнча кафедра (бөлүм) башчыларына, факультеттин декандарына, колледждин директорлоруна жана тиешелүү бөлүмдөргө:

## Буйрук кылам:

1. **Кафедра (бөлүм) башчыларына**:

1.1. Окуу документтери AVN программасында берилген формага ылайык толтурулуп, бекитилсин;

1.2. Кафедрага бекитилген дисциплиналардын тизмеси билдирүүнүн негизинде, окуу бөлүмүнө 2019-жылдын 10-июнуна чейин тапшырылсын;

1.3. Профессордук-окутуучулук курамдын жылдык окуу жүктөмдөрү төмөндөгүдөй бөлүштүрүүгө: “Окуу жүктөмдөрүн пландоо жана эсепке алуу боюнча убакыт ченеми” негиз болуусун (окуу жүктомунүн көлөму 1 чен үчүн: профессор – 600 академиялык саат, доцент-640 академиялык саат, улуу окутуучу-680 академиялык саат, окутуучу-720 академиялык саат); колледждердин мугалимдери үчүн 1 чен окутуучуга-720 академиялык саат болуп эсептелсин.

1.4. Окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүүдө лицензиялык талаптарды эске алып, илимий даражалуулардын пайыздык көрсөткүчү лиңензиялык талаптарга (40 % дан төмөн эмес) дал келсин;

1.5. Профессордук-окутуучулук курамына бөлүнгөн саат жогорудагы убакыт ченемдерине 1.3 кө ылайык бөлүнүп, факт боюнча алынган ченем өзгөрүүсүз берилсин;

<u>Эскертүү:</u>

1) Профессордук-окутуучулук курамынын аты-жөнү, илимий даражасы жана наамы, аткарган кызматы кыскартылбастан толук, алфавиттик тартипте жазылсын:
2) Штаттык окутуучулардын окуу жүктөмдөрү 1 ченден - 1,5 ченге чейин, декан - 1,0 чен, кафедра башчысы- 1,25 чен, ал эми айкалыштыруучулардын (совместитель) сырттан келген, АБК, ОКК окуу жүктөмдөрү 0,5 ченден ашырылбасын;
3) **Сырттан келген айкалыштыруучуларга окуу жүктөмдөр ректордун уруксаты менен бөлүштүрүлсүн;**
4) Лекциялык сааттар биринчи кезекте окумуштуулук даражасы бар окутуучуларга, андан соң улук окутуучуларга гана бөлүштүрүлсүн, окутуучуларга лекциялык саат бөлүштүрүлбөсүн;
5) Окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүүдө күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмүндөгү, I жана II жарым жылдык үчүн окуу жүктөмдөрүндөгү тең салмактуулук сакталсын;
6) 1-курстар кабыл алуу планындагы көрсөтүлгөн студенттердин саны боюнча эсептелсин;
7) Төмөнкү вакanттык сааттар чен өлчөмүндө жана сааты менен көрсөтүлүүсүн:

Вакант (аудиториялык саат);

Вакант (дипломдук, квалификациялык иштердин сырттан чакырылган жетекчилерине тишелүү сааттар)

1.6. Төмөнкү вакант сааттар саны менен көрсөтүлсүн:
Вакант (МАК) – МАКтын төрагасына жана сырттан чакырылган мүчөлөрүнө тиешелүү сааттар:
Вакант (дипломдук, квалификациялык иш) – дипломдук же квалификациялык иштердин сырттан чакырылган рецензенттерине тиешелүү сааттар;
Вакант (практика) – өндүрүштөгү жана мектептердеги практика жетекчилерине тиешелүү сааттар;

1.7. Кафедранын профессордук-окутуучулук курамынын окуу жүктөмдөрүнүн жогоруда көрсөтүлгөн нормаларга туура келиши, так акыйкат бөлүштүрүлүшү, сааттардын окуу планына, окутуучулардын жекече пландарына дал келиши кафедра башчысына милдеттендирилсин;

1.8. Көп тайпалуу курстарга бир предмет боюнча 2-4кө чейин гана окутуучуга бөлүнсүн;

1.9. **Модулдун саны окуу планындагы лекциялык сааттын жумалык жүктөмүнө көз карандысыз 2 модулга пландаштырылсын;**

1.10. Профессордук-окутуучулук курамынын окуу жүктөмдөрүнүн бөлүштүрүлүшү, анын эсеби, топтоочу ведомосттор, эсептин тиркемеси, штаттык формуляр, штаттык жадыбал түзүлүп ОБга 2019-жылдын 25-июнуна чейин тапшырылсын;

1.11. 2019-2020-окуу жылына карата кафедранын даярдыгы жөнүндөгү акты ОБга 2019-жылдын 15-июнуна чейин тапшырылсын;

1.12. Окуу жүктөмдөрүн эсептөөдө AVN программасында көрсөтүлгөн "Баалоонун шкаласы" (баалоо шкалалары: экзаменге – 13, зачеттко-15, курстук ишке-6, өндүрүштүк практикаларга-5, МАга-8, диференциалдык зачетко-6, дене тарбия-7) так, туура коюлсун.

1.13. Окутуучу-профессордук курамдын жана студенттердин академиялык мобилдүүдүк программаларын эффективтүү жүргүзүү, аны көзөмөлдөө, мобилдүүлүк программасына катышкан студенттердин академиялык айырмачылыктарын болтурдоо жоопкерчилиги кафедра башчыларына жүктөлсүн.

## 2. Факультеттин декандарына (колледждердин директорлоруна):

2.1. Тайпалардагы студенттердин саны жөнүндө маалыматтар AVN программасы менен такталып ОБга 2019-жылдын 10-июнуна чейин жөнөтүлсүн; Тайпадагы студенттердин саны аз болсо, катар тайпаларды бириктирүү жагы каралып, сунуш берилсин;

2.2. Жарым тайпаларга бөлүнүп окутулуучу предметтердин тизмеси төмөнкү форма боюнча билдирүү иретинде ОБга 2019-жылдын 10-июнуна чейин берилсин (жарым тайпага бөлүп окутуу үчүн тайпадагы студенттердин саны 20дан кем болбоосу керек);

| Катар № | Тайпанын аталышы | Студенттердин жалпы саны | Предметтин аталышы | Сабактын түрү (практикалык, лабораториялык) | Жарым тайпадагы студенттердин саны |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

Эскертүү: Жарым тайпадагы студенттердин тизмеси факультеттин деканынын буюртмасы менен бекитилет.

2.3. 2019-2020-окуу жылында окуу процессинин графиги, окуу планынын негизинде бекитилип, сырттан окуу бөлүмдөрүнүн графигине практиканын мөөнөтү көрсөтүлсүн, көчүрмөсү ОБга 2019-жылдын 15-июнуна чейин тапшырылсын (электрондук варианты менен бирге);
2.4. Жаңы окуу жылынын 1-жарым жылдыгы үчүн семестрдик окуу планы, окутулуучу предметтердин тизмеси (семестровка), сабактардын жадыбалы түзүлүп, 2019-жылдын 25-июнуна чейин бекитилсин;
**2.5.** AVN маалыматтык системасындагы отчеттуулуктардын б.а. сабактардын жадыбалы, студенттердин өздүк карточкалары, балдык журналдар, ведомосттордун баардык түрлөрү, модулдардын анализдери, экзамендик сессиялардын жыйынтыктары электрондук форманын негизинде жүргүзүлүп даярдалсын AVNдеги отчеттуулуктар (студенттердин өздүк карточкалары, балдык журналдар ж.б.) формалардын негизинде басылып, тиешелүү кызматкерлердин кол тамгасы менен тастыкталып тиркелсин.
2.6. Лекциялык агымдар түзүлүп, 2019-жылдын 10-июнуна чейин бекитилсин (электрондук варианты менен бирге);
2.7. Аудиторялык фонд түзүлүп, 2019-жылдын 5-июнуна чейин бекитилсин;
2.8. Деканаттын жаңы окуу жылына даярдыгы жөнүндөгү актысы ОБга 2019-жылдын 01-июлуна чейин бекитилсин;
2.9. Профессор-окутуучулук курамы жаңы окуу жылы үчүн 01.09.2019 жылга чейин медициналык кароодон өтүлсүн;
2.10. Студенттердин практикаларын уюштуруу жана өткөрүү боюнча эскертмеде көрсөтүлгөн иш-чаралар жаңы окуу жылында аткарылсын.
2.11. Окутуучулар жана студенттер үчүн академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу жана аткаруу боюнча ар бир факультетте (колледжде) бирден жооптуу кызматкер дайындалып бекитилсин.
2.12. Окуу процессин кредиттик технологиялардын негизинде эффективдүү уюштуруу максатында 2019-2020 окуу жылынан баштап тажрыйбалуу окутуучулардан академиялык кеңешчилерди (кураторлорду) тартуу колго алынып, ар бир тайпага тиешелүү академиялык кеңешчилер деканат тарабынан бекитилсин.
2.13. Декандарга окутуунун кредиттик технологиясынаиылайыктмындан ары офис-каттоочулардын милдетин аткаруу жүктөлсүн.

### 3. Окуу бөлүмүнө, өнүрүштүк практика бөлүмүнө:

3.1. Кафедралардын пландаштырылган окуу жүктөмдөрүнүн жалпы саны, чендик саны, штаттык жадыбалы, штаттык формуляры бири-бирине дал келүүлөрү көзөмөлдөнсүн;
3.2. Окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү кафедраларга бекитилген окутумдар (дисциплиналар) боюнча гана жүргүзүлүшү көзөмөлгө алынсын;
3.3. Аудиториялык фондду туура, рационалдуу пайдаланышына көзөмөл жүргүзүлсүн;
3.4. Лекциялык сабактар лекциялык агым боюнча уюштурулушуна көзөмөл жүргүзүлсүн;

### 4. Пландоо-экономикалык бөлүмүнө:

4.1. Кафедралардын профессордук-окутуучулук курамынын окуу жүктөмдөрүнүн бөлүштүрүлүшүн, штаттык жадыбалын, штаттык формулярын көзөмөлдөө пландоо-экономикалык бөлүмгө жүктөлсүн;
4.2. ЖАМУ боюнча штаттык жадыбалды түзүү, вакантгык ченемдердин санын жана кызматтарын аныктоо жагы 2018-2019- окуу жылы үчүн келишимдик негизде окуган

*Негизи:* ОБ башчысынын билдирүүсү, ОИ боюнча проректордун чечими.

ЖАМУнун ректору: К. Ж. Усенов

КБ башчысы: Б. Т. Осмонова

Юрист: А. Т. Акматова

көчүрмөсү анык

КАДРЛАР БАШКАРМАЛЫГЫ